**Расмий тилден мамлекеттик тилге которулган**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН

Жогорку Кенештин өкүлү М. И. Арзиевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 29-майындагы № 06-пп аныктамасына даттануусун канааттандыруусуз калтыруу жөнүндө

## ТОКТОМУ

2015-жылдын 16-ноябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу - судья М. Ш. Касымалиев, судьялар К. Абдиев, Ч. А. Айдарбекова, М. Р. Бобукеева, К. М. Киргизбаев, Э. Т. Мамыров, А. О. Нарынбекова, Ч. О. Осмонова, Ж. И. Саалаевдин курамында, соттук отурумдун катчысы С. А. Джолгокпаеванын катышуусунда, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесенин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, соттук отурумда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин өкүлү М. И. Арзиевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 16-майындагы № 06-пп «Жарандар А. М. Осмоналиева, Б. К.

Осмонбаев, Г. А. Суталинованын кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» аныктамасына даттануусун карап чыкты.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин өкүлү М. И. Арзиевдин даттануусунда келтирилген жүйөлөрдү жана жарандар А. М. Осмоналиева, Б. К. Осмонбаев, Г. А. Суталинованын өтүнүчү боюнча иштин материалдарын изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**ТАПТЫ:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2015-жылдын 17-апрелинде жарандар А. М. Осмоналиева, Б. К. Осмонбаев, Г. А. Суталинованын 2011-жылдын 2-июлундагы № 68 «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 22-беренесинин 11-бөлүгүн жеке акча каражаттарынын эсебинен жарандар менен бардык талапкерлерге каршы багытталган шайлоо алдында үгүт жүргүзүүгө тыюуну божомолдогон бөлүгүндө конституциялуу эмес жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 31-беренесинин 1, 2, 3-бөлүктөрүнө, 33-беренесинин 1-бөлүгүнө карама каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүчү келип түшкөн.

Талашылып жаткан ченем шайлоо өнөктүгүнүн мезгилинде Кыргыз Республикасынын жарандары, саясий партиялар каржылоону талап кылган шайлоо алдындагы үгүт иштерин талапкерлер, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар менен макулдашуу боюнча гана жана алардын шайлоо фонддору аркылуу жүргүзүүгө укуктуу деп бекитет.

Арыздануучулар өзүлөрүнүн жүйөлөрүнө негиз катары Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 31-беренесинин 1, 2, 3-бөлүктөрүнө, 33-беренесинин 1-бөлүгүнө шилтеме кылышат, аларга ылайык ар ким эркин ой жүгүртүүгө жана өзүнчө пикирге ээ болууга, өз пикирин билдирүүгө, сөз

жана басма сөз эркиндигине укуктуу, эч ким өз пикирин билдирүүгө же андан баш тартууга мажбурланууга тийиш эмес жана ар ким маалыматты эркин издөө, алуу, сактоо, пайдалануу жана аны оозеки, жазуу жүзүндө же башка ыкма менен жайылтуу укугуна ээ.

Арызданууучулардын оюу боюнча талашылып жаткан ченем жеке акча каражаттарынын эсебинен жарандар менен шайлоо бюлленине киргизилген бардык талапкерлерге каршы багытталган шайлоо алдында үгүт жүргүзүүгө тыюуну божомолдойт жана ошону менен Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жогоруда аталган ченемдерине карама-каршы келет.

Андан тышкары Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексинин (мындан ары – АЖЖК) 52-беренесине ылайык Шайлоочу, байкоочу, талапкер жана анын өкүлдөрү тарабынан шайлоо жөнүндө мыйзамдарда каралган шайлоо алдында үгүт жүргүзүү шарттарын бузуу - эсептешүү көрсөткүчүнүн он бештен жыйырмага чейин административдик айып салууга алып келет. Аталган берененин маңызынан эгер Кыргыз Республикасынын жараны жеке акча каражаттарына чыгарылган «бардыгына каршы» шайлоого чакырыктарын камтыган үгүттөөчү материалдарды таратса, анда ал АЖЖКнын аталган ченемине ылайык административдик жоопкерчиликке тартылышы керек деп келип чыгат. Өзүнүн саясий көз карашын ачык көрсөтүүгө тыюу салуу жана ал үчүн административдик жоопкерчиликке тартууга жол берилбейт жана Кыргыз Республикасынын Конституциясына гана эмес, жалпы таанылган эл аралык ченемдерге да карама-каршы келет.

Арызданууучулардын оюу боюнча ченемдик жөнгө салуу бир жагынан эркин шайлоо укугу менен экинчи жагынан өз пикирин билдирүүгө, сөз эркиндигинин ортосунда мүмкүн боло турган коллизияларды чечүүгө багытталган, мыйзам чыгаруучу жарандардын шайлоочу катары конституциялык укуктарын камсыз кылуу зарылчылыгы менен байланган. Кыргыз Республикасынын жарандары активдүү шайлоо укугунун алып жүрүүчүлөрү болуп туруп жана ошол эле убакытта маалыматты эркин издөө,

алуу, берүү, өндүрүү жана аны мыйзамдуу ыкмалар менен жайылтуу укугунун субъекти катары чыгуу менен шайлоону маалыматтык камсыздоо объекти катары гана каралышы мүмкүн эмес. Шайлоо процессинде алар өзүнүн шайлоо алдындагы позицияларын активдүү жактоого багытталган иш-аракеттерди жүргүзүүгө жана ага жараша башка шайлоочуларды конкреттүү талапкерлерге макул же каршы деп добуш берүүгө же болбосо шайлоого катышып жаткан бардык талапкерлерге терс мамилесин билдирүүгө үндөөгө укуктуу. Жарандардан шайлоо алдындагы үгүттү жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн алып салуу же аны ишке ашыруунун мыйзамдык кепилдеринин жоктугу шайлоо процессинин жүрүшүнө иш жүзүндө таасир этүү укугунан баш тартууну билдирмек, ал эми шайлоо процессинин өзү добуш берүү факты менен гана бүтмөк.

Ошондой эле, арыздануучулар шайлоочулардын коомдук бийликтин шайлануучу органынын жеке курамын түзүүгө багытталган кызыкчылыктарын ишке ашыра турган шайлоо алдындагы үгүт укугунун ченемдик мазмуну шайлоо процессинин катышуучуларынын, анын ичинде шайлоочулардын шайлоодо белгилүү бирөөгө добуш берүүгө түрткү берүү максатын камтыган үгүт иштерин ишке ашыруу укугун камтыйт. Ошондуктан, эгер мыйзам чыгаруучу өзүнүн дискрециялык ыйгарым укуктарын ишке ашыруу тартибинде шайлоодо шайлоо бюллетенинин «бардыгына каршы» деген графасын толтуруу аркылуу добуш берүү мүмкүнчүлүгүн тааныса, ал ошого ылайык шайлоо алдындагы үгүттү жүргүзүүнү мыйзам менен жөнгө салууга милдеттүү.

Эгер шайлоо бюллетенинде «бардыгына каршы» деген графа бар болсо, мыйзам чыгаруучунун Кыргыз Республикасынын жарандарынын бардык талапкерлерге каршы шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү укугун жокко чыгаруучу ченемдик актыларды кабыл алууга укугу жок. Аны менен киргизилип жаткан бул укукту ишке ашыруунун тартиби формалдуу аныктыктын талаптарына жооп бериши керек жана жаранга аны менен өзүнүн жүрүм турумун катышытыруу, анын тигил же бул иш аракети алып

келе турган натыйжаны белгилүү даражада алдын ала көрүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылышы керек. Мыйзам чыгаруучу жарандардын шайлоо алдындагы бардык талапкерлерге каршы үгүттү өткөрүү укугун таануу менен биринчиден каржылоо үчүн шайлоо фондунун каражаттарынан башка каражаттарды колдонуу мүмкүнчүлүгүнө тиешелүү болгон бул укуктун атайын ченемдик камсыз кылуусун караштырган эмес, мунун жыйынтыгында шайлоо процессинде мыйзамдуу катышуу тартибине караштуу жарандарды жол берилбөөчү белгисиздик абалына койду.

Ушуларга байланыштуу арыздануучулар «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 22-беренесинин 11-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 31-беренесинин 1, 2, 3-бөлүктөрү, 33-беренесинин 1-бөлүгү менен карама-каршылыкта деп эсептешет жана аны конституциялуу эмес деп таанууну суранышат.

Судьялар коллегиясы, жарандар А. М. Осмоналиева, Б. К. Осмонбаев, Г. А. Суталинованын кайрылуусу боюнча иштин материалдарын изилдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесенин 2-бөлүгүнүн негизинде өтүнүчтүн текшерүүсүн жүргүзгөн судья А. О. Нарынбекованын маалыматын угуп, төмөнкү жыйынтыктарга келди.

Арыздануучулар менен келтирилген өтүнүч таризи жана мазмуну боюнча «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 24, 25-беренелеринин талаптарына жооп берет. Келтирилген материалдардан жана өтүнүчтөн «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 22-беренесинин 11-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык

келүү маселесинде күмөндүүлүк байкалууда, бул ишти Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасында конституциялык сот өндүрүш алкагында кароого негиз болуп эсептелет.

Ушуга байланыштуу, судьялар коллегиясы бул кайрылууну конституциялык өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө аныктама кабыл алды.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2015-жылдын 29-майындагы № 06-пп аныктамасы менен макул болбостон Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин өкүлү М. И. Арзиев «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттануу менен кайрылган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин өкүлү өзүнүн даттануусунда талашылып жаткан ченем саясий партиялардын шайлоо фонддору аркылуу шайлоонун алдындагы үгүттү каржылоо маселелерин жөнгө салат деп көрсөтөт. Бул ченем эгер үгүттүн мындай формасы саясий партиянын шайлоо фондунун акча каражаттарынын эсебинен каржылоону талап кылса, талапкерлердин, талапкерлердин тизмесин сунуштаган саясий партиялардын макулдугу менен жарандарга шайлоо алдындагы үгүт процессине кошулуу мүмкүнчүлүгүн берет. Жарандар менен өзүнүн жеке акча каражаттарынын эсебинен баардыгына каршы үгүт жүргүзүүсү шайлоо процессине кийлигишүү деп саналат жана бузууга же токтотууга, шайлоо мөөнөтүн жылдырууга, ар кандай терс кесепеттерге алып келиши мүмкүн. Кыргыз Республикасынын жарандарына, талапкерлерге, саясий партияларга белгиленген конституциялык Мыйзамга, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык шайлоодо үгүттү эркин өткөрүү мамлекет менен камсыз кылынат.

Талашылып жаткан ченем жарандар менен жеке өзүнүн каражаттарына шайлоо бюллетенине киргизилген бардык талапкерлерге каршы шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү маселесин жөнгө салбайт, ошону менен Кыргыз

Республикасынын Конституциясынын 31, 33-беренелерине таптакыр карама-каршы келиши мүмкүн эмес жана жарандардын укугун чектебейт.

Ушулардын негизинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин өкүлү Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 29-майындагы № 06-пп аныктамасын жокко чыгарууну жана ишти маңызы боюнча кароодон баш тартууну суранат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин өкүлүнүн жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуунун негиздерин талкуулап, төмөнкү жыйынтыктарга келди.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин өкүлүнүн даттанууда келтирилген жүйөлөрү негизсиз жана канааттандырууга жатпайт деп эсептейт.

Жогорулардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 47, 48-беренелерин, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т:**

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин өкүлү М. И. Арзиевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 29-майындагы № 06-пп аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө даттануусу канаттандыруусуз калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын токтому акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**